**Педагогика жана психология факультети**
**Башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы кафедрасы**

**"Окуу керемет!"** долбоорунун алкагында башталгыч билим берүү адистиктеринде окуп жаткан студенттерге башталгыч класстарда математиканы окутуунун методикасы боюнча сабактарга байкоо жүргүзүү жана ментордук жардам көрсөтүү боюнча мастер-тренер, ***ОшМУнун доценти Борбоева Гулниса Маматкановнанын*** катышуусунда 2023-жылдын 11-октябрь күнү ОшМУнун педагогика жана психология факультетинин Башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы кафедрасынын ***улук окутуучусу Э.Ажиматова*** жана 23-ноябрь күнү ***доцент Р.П.Анаркуловдор*** сабак өтүштү. Сабактарга кафедра мүчөлөрү дээрлик толук катышышты. Сабактардан кийин мастер-тренер Г.М.Борбоева эжеке мастер-класс өтүп берди. Өтүлгөн сабактардын темалары төмөнкү таблицада берилди:

| № | Окуу жайдын, кафедранын/бөлүмдүн аталышы | Курстун аталышы жана байкоо жүргүзүлгөн сабактын темасы | Өткөрүлгөн семинардын (мастер-класстын/конок лекциянын) темасы |
|---|---|---|---|
| 1. | Ош мамлекеттик университети<br><br>Педагогика жана психология факультети<br><br>Башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы кафедрасы | 16.11.2023.<br>Окутуучу: Ажиматова Элмира<br>Дисциплина: Башталгыч класстарда математиканы окутуунун теориясы жана методикасы<br>Тема: Геометриялык фигуралардын аянтын табуу жолдору | 23.11.2023.<br>Тема: Геометриянын элементтери аркылуу башталгыч класстардын окуучуларынын мейкиндик ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү жолдору |
| | | 23.11.2023.<br>Окутуучу: Анаркулов Рахматулло<br>Дисциплина: Башталгыч класстарда математиканы окутуунун теориясы жана методикасы<br>Тема:<br>Көп орундуу сандардын үстүнөн жүргүзүлүүчү амалдар (көбөйтүү жана бөлүү) | |

Өтүлгөн сабактардын максаттары негизинен SMART критерийлери боюнча түзүлгөн, күтүлүүчү натыйжалар көрсөтүлгөн.

Кафедранын доценти Р.П.Анаркулов электрондук досканы пайдаланып, окутууга салттуу мамиленин негизинде практикалык сабак өтүп берди. Студенттер активдүү катышышты.

Э.Ажиматованын сабактары студенттер үчүн өтө кызыктуу болуп, алар сабакка активдүү катышып жатышты. Себеби, эжеке сабакты уюштуруп, башкарып гана турду, ал

эми студенттер пассивдүү гана угуучу, тапшырманы аткаруучу болбостон, сабакта негизги субьект экендерин сезип, өздөрү сабакты алып барып жатышты. Студенттер жалпак фигуралардын аянтын өз алдынча палетка, чакмактуу барак, геоборд жана билген формулалары менен таап жатышты. Геометриялык фигуралар менен болгон манипуляциялар студенттер үчүн кызыктуу болуп, алар сабакта чыгармачыл ишмердик менен алек болушту. Жыйынтыгында, студенттер геометриялык фигуралардын аянтын түрдүү каражаттар менен таба алууга, окуучуларга аянтты табууну үйрөтүү методикасына ээ болушту.

Долбоордун улуттук-тренери Ажиматова Элмиранын сабактарына жана ментор тарабынан көрсөтүлгөн мастер-класстарга катышып, кафедранын сабактарга катышкан окутуучулары долбоордун программасын жактырышты жана колго алуу жагын айтышты.

**Түшүндүрмөсү менен сүрөттөр**

Г.М. Борбоева мастер-класс өтүүдө

